УДК:371.398.8:894.341
DOI: 10.35254/bhu.2019.47.17

А.*Кошбаев*
доцент, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун окутуучусу, Кыргызстан, Ош ш.

ТОКТОГУЛДУН САНАТ-НАСЫЯТ ЫРЛАРЫНЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ ПЕСЕН-НАЗИДАНИЙ ТОКТОГУЛА

THE EDUCATIONAL VALUE OF THE SONGS-EDIFICATION OF TOKTOGUL

Аннотация: *Бул макалада санат-насыят ырларды жаштарга тарбия таалим берүүдө, адам болуп калыптануусуна өзгөчө орунга ээ. Акындык жанрда ыр түрүндө, комуздун коштоосунда же жөн гана ооз эки айтыш менен айтылган. Санат-насыят, терме мактоо ырлары менен жаштардан баштап улгайганга чейин акыл туюмун өстүрүп келген. Акындар эл аралап санат-насыят ырларын ырдашкан. Эл топтолгон тойлордо, жыйындарда тарбиялык мааниси бар ырларды көпчүлүккө жайылткан. Бул тарбиялык мааниси бар ырларды көпчүлүк өздөрүнүн балдарына тарбия берүүдө колдонушкан жана кулактарына сиңиришкен.*

Токтогулдун «Өмүр», «Карылык», «Насыят», «Санат», «Үлгү ырлар», «Нускалуу ырлар», «Терме», «Курдаштын көөнүн билип өт» деген философиялык ойлорго бай, педагогикалык маңызы терең ырлары жөнүндө автор баяндайт. Токтогулдун чыгармачылыгындагы эң негизги концепция-адам эң жогорку турган кымбат нерсе, улуу идеал. Акындын өзүнүн адамды асыл зат катары жогору баалашы, ага өтө гумандуулук менен мамиле кылгандыгы улуулугу болуп саналары жөнүндө сңз болот. .

Түйүндүү сөздөр: *багыттоочу, гумандуулук, насыят, педагогикалык маңызы, санат, тарбиялоочу, терме, философиялык ойлор, элдик.*

Аннотация: *Назидательные и нравоучительные народные песни занимают особое место в деле воспитания молодежи и становлении их как личности. Песни исполнялись акынами как в сопровождении комуза, так и без него. В данной статье показано воспитательное значение нравоучительных песен Т. Сатылганова. Т. Сатылганов через свои песни, которые несли воспитательные, созидательные функции, передавал гуманистические идеи, распространял передовые мысли среди народных масс.*

Автор говорит о том, что песни Токтогула «Өмүр», «Карылык», «Насыят», «Санат», «Үлгү ырлар», «Нускалуу ырлар», «Терме», «Курдаштын көөнүн билип өт» полны философских размышлений, педагогического содержания. Он раскрывает основную концепцию творчества Токтогула о том, что человек наивысшее, самое ценное существо, великий идеал. Так же автор подчеркивает, что слова песен Токтогула отличаются образностью, обладают эмоциональной силой и возвышенностью. Акын меткими и точными словами дает характеристику как человеку, так и явлениям жизни. Каждый слушатель или читатель получает для себя из песен Токтогула жизненный опыт и делает выводы.

Ключевые слова: *направляющий, гуманизм, назидание, педагогическое содержание, поучение, воспитательный, сборный, философские мысли, народный.*

Abstract: *Edifying and moralizing folk songs occupy a special place in the education of young people and their formation as a person. The songs were performed by akyns both accompanied by komuz and without it.*

This article shows the educational value of the moralizing songs of T. Satylganov. T. Satylganov through his songs, which carried educational, creative functions, transmitted humanistic ideas, spread advanced thoughts among the masses.

The author says that the songs of the Toktogul "Omur", "Karylyk", "Naziat", "Sanat", "Ulgu yrlar", "Nuscaluu, yrlar", "Terme", "Kurdashtyn konun bilip ot" complete philosophical reflection, and pedagogical content. He reveals the basic concept of creativity Toktogul that man is the highest, most valuable creature, the great ideal. The author also emphasizes that the words of the songs of Toktogul differ in imagery, have emotional power and sublimity. Akyn apt and precise words gives a description of both people and phenomena of life. Each listener or reader gets from the songs of Toktogul's life experiences and draws conclusions.

Key words: *guide, humanism edification, teaching content, teaching educational, general, philosophy, folk.*

Кыргыз элинин атайын педагогикалык билим багытын чагылдырган окуу китептери болгону менен эл ичинде тарбиялык иштер ата-эне, карыялардын насыят-санаттары аркылуу тарбия берүү максаты ишке ашырылган. Айрыкча эл ичинде акындардын санаттары, насыяттары таасирдүү болуп, эл аларды жакшы тыңдаган, куйма кулактар аларды жатка билип калышкан.

Мындай элдик акындардын бири жалпы кыргыз элине малым болгон улуу акын Токтогул болуп саналат. Токтогулдун жалпы чыгармаларына көз жүгүрткөндо анын ырларынын ичинен санат менен насыттарды жана терме, үлгү ырларды көп кездештирип, алардын эл арасындагы таасири өтө бийик байкалат.

Белгилүү музыка таануучу В.Виноградов насыят ырларын чыгыш доорундагы байыркы уруулук мамилеге байланыштуу карайт. Ал мындай дейт: «акындык жанрлар-өзгөчө насыят, мактоо, кордоо, ырлары, балким, байыркы уруулук мамилелердин негизинде түзүлгөн».[1.9-б.] Бул пикирди чындык деп ишенсе да болот, анткени менен тактоону да талап кылат. Себеби акындык поэзияны тар тематикада кароого болбойт. Акындардын поэзиясында коомдук турмуштун башка тараптарын камтыган ырлар да болгон. Чындыгында мактоо жана кордоо ырлары акындык поэзияда чоңчоң аш-тойлордо гана ырдалса, ал эми насыят, санат ырларында башкы коомдук көрүнүштөр алардын негизин түзгөн. Ал эми тарбия, таалим ырлары акындардын сөзсүз түрдөгү программасында болгон. Байыркы алп акындардан тартып бүгүнкү актаңдай ырчыларыбыздын репертуарларында акыл-насыят ырлары дайыма элди колдоп келет. Ошондуктан санат-насыят ырлар ымактоого, кордоого гана тиешелүү болбостон, жалпы элдин да кызыкчылыгын колдогон.

Коомдук мамилелерди чагылдырып, анын мүчөлөрүн тура жолго тарбиялоодо санат-насыят ырларынын ролу зор. Бул ырлардын эл арасында кеңири таралып жетилип, популярдуу түргө айланып кетиши ушул ойду ырастап турат. Укумдан тукумга чейин булл ырларга өтө кадырлоо менен мамиле кылышкан, эстетикалык жактан ыракаттануу, андан таалим алуу кыргыздардын арасында абдан кеңири тараган. Көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн көз карашында санат-насыят ырлары биздин кыргыз элинде гана кеңири таралгандыгы белгиленет. «Акыл-насыятырлары; деп жазат К.Рахматулин, - кыргыз фольклорунда гана кездешүүчү жанрдык өзгөчөлүк». [2.16-б.] Бул пикирге кошулса болот, себеби ушул жанр биздин элде көп, кеңири таралган. Бирок мындай ырлар казактарда, түркмөндөрдө, өзбектерде ж.б. элдерде да кездешет. Ал эми дидактикалык ырлар биздин эрага чейинки өмүр сүргөндүгү белгилүү.

Алар элдерди кыдырып жүрүшүп өздөрүнүн акыл кептерин эл арасында куюлуштуруп айтып келишкен. Маселен, Сократ чыгарма жазган эмес. Ал эл аралап жүрүп өзүнүн оюн айтып, эл менен аңгемелешкен, акыл сөзүн айткан. Бул сыяктуу алгачкы философтордун ой жүгүртүүлөрү, айткан сөздөрү афоризмдер, анекдоттор, улам алар жана айрым маалыматтар түрүндө гана сакталып калган. Кайсы бир акылмандар өздөрүнүн философиялык чыгармаларында туюндурган болуучу.

Санат-насыят түрүндөгү ырларга кайрыла турган болсок, турмушка баа берип бериши, адамдардын тиричилиги, алардын жүрүш-турушу жана мамилелери чыгармалардын маңызын түзүп, айрым турмуштук кубулуштарга философиялык критерий жасаганын байкайбыз. Муну менен илим менен такталган филисофияны түшүнүүгө болбойт. Мындай учурда акын-төкмөлөр ошол турмуштук кубулуштарга өтө так, тура баа берет дегенден алыспыз. Бул акындардын эл аралап, элдин турмушун көрүп, ошого кошо өз башынан өткөргөндөрдүн жыйынтыктап, ошолорду өзүнүн философиялык көз караштары катары берилген. Бул көрүнүштүн санат-насыяттарга караганда жогорку ой өтө даана көрүнөт.

Санат–насыяттар жана терме ырлары мааниси, өзгөчөлүктөрү боюнча лирикалык чыгармалардын түрүнө кирет. Санат-насыят ырларын бардык эле акындардай бирдей ырдайалышпайт. Себеби ар бир акын коомдук көрүнүштөрдү өз алдынча, өз түшүнүгүндө кабылдайт да, өз чыгармаларында ар түрдүүчө чагылдырат. Ошол себептен санат-насыят, терме ырлары да ар түрдүүчө болушу шарттуу көрүнүш.

Ар бир акын талант жагынан да айырмаланат. Эң негизгиси-акылмандуулук. Ушундай сапаттагы акындар гана философиялык ойду өз чыгармаларында чагылдыра алмакчы. Ушундай акындар гана коомго болгон көз караштарын, элдик мүдөөнү санат-насыяттарды, үлгү, термелерде чагылдырылган. Ошон

үчүн бул түрдөгү философиялык көз караштар, ой-пикирлер кеңири камтылган, этика маселеси, элдин жыргалчылыгы үчүн эмгектин ролу, ак ниеттүүлүктүн жана гуманизм маселеси биринчи катарга коюлат.

Токтогулдун «Өмүр», «Карылык», «Насыят», «Санат», «Үлгүырлар», «Нускалуу ырлар», «Терме», «Курдаштын көөнүн билипөт» деген ырлары философиялык ойлорго бай, педагогикалык маңызы терең ырлар болуп саналат. Токтогулдун чыгармачылыгындагы эң негизги концепция-адам эң жогорку турган кымбат нерсе, улуу идеал. Акындын өзүнүн адамды асыл зат катары жогору баалашы, ага өтө гумандуулук менен мамиле кылгандыгы улуулугу болуп саналат.

Акын адамдардын эң жогорку идеал катары баалап, адамдардын аң-сезимин ойготуп, аларды талбаган эмгекчил болууга үндөгөн. Ал адамдар адал эмек жана эркиндик менен жыргалчылыкка жетишет деп дана көрсөткөн.

Токтогулдун «Насыяты» төмөндөгүдөй ыр саптар менен башталат: [3.105-б.]

Дениң соодо эринбей,
Бекерлик кеберилбей.
Эркиң менен жумуш кыл,
«Эринчээк жалкоо» дедирбей.

Өз улутунун чыныгы сүрөтчүсү катары ал элдин турмушун тередден алып баяндаган. Элдин кызыкчылыгын жогору баалаган акын коомдук турмушту мындайча туюндурат:

Карыздар болбо сүт корго,
Бардык малын сүт кылат.
Бир жылда эки туудуруп,
Жарым сомун бүт кылат,
Убагында бербесең,
Бийге салат тыткылап!

Акындын санат-насыят, термелери жана үлгү ырлары өзүнүн идеялык-көркөмдүк сапаты менен баалуу. Акын сыпаттай турган нерсени абдан так билет. Анын ырларынын сөздөрү элестүү, образдуу, эмоциялык күчкө ээ. Таамай айтылган сөздөр аркылуу тиги же бул адамга, же айрым кубулушка мүнөздөмө берет. Ар бир угуучу, же окурман бул ырлардан өзүнчө корутунду чыгара алат. Мисалы [3.74-б.]

Эрдин күчү-сом темир,
Эритүүгө эр керек.
Эч оокатың болбосо,
Эгин айдар жер керек.
Эр жигиттин белгиси-
Эпчил болот термелеп.
Өзколундаболбосо,
«Өлдүм» десең ким берет?

Бул ырда коoздоп, шаан-шөкөттөп отуруу жок, бардыгын так айтып, даана түшүндүргөн. Ушундан улам да акынды залкар, чоң таланттуу акындык чеберчилиги теңдешсиз. Десек болот.

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында насыят менен санаттардын, термелердин түрлөрү көп. Ошондой эле алар идеялык-көркөмдүк жагынан бирдей эмес. Бул жерде бай манаптарды мактап, ислам динин пропагандалаган термелер да кездешет. Токтогулдун насыяттарында тескерисинче жалпы карапайым элдердин кызыкчылыгын көздөгөн. Анын ырларынын элдик экендиги–кыргыз элинин турмушун, ой-максатын, мүдөөлөрүн чагылдыруу менен бирге, алардын акыл-эс байланышын кеңири пайдалангандыгы. Чындыгын алганда Токтогулдун «Насыят», «Санат» жана башка ырларын элдин рухий байлыгынан бөлүп кароого болбойт. Анын акылмандыктын ачкычы, терең ойдун катары кыргыз элинин макал-лакаптарына жана башка нуска сөздөрүнө кайрылышын алсак: «Эчоокатың жок болсо, эгин айдап, жериң чап» деген ыр саптары жогорку идеяны даана көрсөтөт.

Кадимден белгилүү макал-сөз ачкычы. Кандай гана чеченди, сөзмөр адамды албайлы, өзүнүн көркөм оюн түшүндүрүү үчүн ар дайым макал-ылакаптарды пайдаланат. «Чыгыш фольклору, анын классикалык мурасы деп белгилейт-Г.Л. Омидзе кыска ырлар, афоризмдер, эки сап ырлар (баяттар) жана төрт сап ырлар (рубаилер) таамай айтылган сапаттар, үлгү-насыят аңгемелер менен элдик акыл-эсти, даанышмандыкты, коргогучтукту түшүндүрүп, курчтугун чагылдырууга бай».

Адамды наң-сезимин ойготуп, алардын жашоо тиричилигин турмуш багытындагы билимин көтөрүүгө баарынын багытталып, таалим, нуска маанисиндеги айтылгандыгынанбы Токтогулдун санаттары макал-лакаптарын ж.б. акыл насаат сөздөрүнөн туюндурулат. Кайсыл гана чыгармасын окубайлы, кулака мурун таанышырдай сезилет.

Агарган карда көп турсаң
Көзүн бир күн карыгат.
Агайыңдан чет жүрсөн
Көңүлүң бир күн тарыгат.
Тууганыңа батпаган
Душманыңа жалынат.
Болбос жаман арамза
Болумсуз ишке малынат.
Кийинкисин ойлобой
Кишинин көөнү калынат.
Жакынына жакпаган
Жат кишини жамынат.

Анын ар кандай майда сөз биздин эсибизде автордун эрки менен жыл малашып иштеген бүтүн нерсе катары баамдалса да, толук ар бир турмуштук үзүндүсү болот деп айтканы жалаң гана жазгыч акындарга гана эмес, Токтогул сыяктуу акындарга да, мүнөздүү көрүнүш. Чындыгында анын санат-насыяттары өзүнчө чыгарма катары турмуштун тиги же булл жагын камтый алмакчыбы? «эсеп жеткис көп фактыларды жана темаларды камтыган поэтикалык чыгарма өз ич ара бүтүн жана бирдиктүү болуп кала берет» - деп белгилейт И. Гримберг. чындыгында, санат ырларында көп сандаган фактылар канчалык саналып айтылбасын, анда сүрөттөлгөн нерселер бир бүтүндүктү түзөт.

Адабияттар

1. Виноградов В. Киргизская народная музыка. –Ф., 1958.

2. Рахматуллин К. Киргизская литература. ИНВ №1378

3. Токтогул. – Ф.: Кыргызстан, 1984.

4. Мурас. – Ф.: Кыргызстан, 1990.